DOI:10.26104/NNTIK.2022.1.6.052

*Тоголоков А.М.*

# ПОСТСОВЕТТИК МЕЗГИЛДЕГИ БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ ИСЛАМДЫК РАДИКАЛДЫК КЫЙМЫЛДАРДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

*Тоголоков А.М.*

# ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ РАДИКАЛЬНЫХ ИСЛАМСКИХ ДВИЖЕНИЙ ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ В ПОСТСОВЕТСКИЙ ПЕРИОД

*A. Togolokov*

# ACTIVITIES OF RADICAL ISLAMIC MOVEMENTS IN CENTRAL ASIA IN THE POST-SOVIET PERIOD

*УДК: 28 (1-925.2/3) : 94 (481).085*

*Бул макалада радикалдуу исламдык кыймылдардын Борбордук Азиядагы ишмердүүлүгүнүн айрым аспектилери каралат. Андан сырткары исламдагы радикалдуу агымдардын келип чыгышы жана ишмердүүлүгү, ошондой эле аймактагы исламдын кайра жаралуу процесси талдоого алынат. Постсоветтик мезгилде Борбордук Азия республикаларында ислам дини кайра жанданып, жергиликтүү элдер үчүн ислам баалуулуктарына кайтууга мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Совет өкмөтүнүн динге каршы саясаты, айрыкча аалымдарды куугунтуктоо, мечит, медреселерди жабуу, элдердин диний ишенимдерине тоскоол болуу ж.б. өз кезегинде ислам динине бир топ зыян келтирген. Натыйжада аймактын көпчүлүк калкы, айрыкча жаштар динден оолак болуп, анын өкүмдөрү менен жашабай калган. Союздун ыдырашы менен идеологияда да өзгөрүүлөр болуп, диний баалуулуктар алдыңкы орунга чыга баштады. Бирок бул мезгилде исламга жат көрүнүштөр, айрыкча радикалдык көз караштар да жайылтыла баштаган. Бул макалада ушундай кыймылдардын пайда болушу, анын негизги багыттары, максаттары жана аймактагы диний кырдаал иликтөөгө алынды.*

***Негизги сөздөр:*** *Ислам, радикалдуу агымдар, ваххабизм, ислам кайра жаралуусу, регион, сүннөт, маданият, дин.*

*В данной статье рассматриваются некоторые аспекты деятельности радикального ислама в Центральной Азии. Автор подробно анализирует истоки и деятельность радикальных движений, а также освещает процесс возрождения ислама в регионе. В постсоветский период в республиках Средней Азии началось возрождение ислама, и у местных жителей появилась возможность вернуться к исламским ценностям. Антирелигиозная политика советского правительства, заключающаяся в преследовании исламских ученых, закрытии мечетей и медресе, воспрепятствовании религиозным убеждениям людей и т.д., нанесла большой урон исламу. В результате большая часть населения, особенно молодежь, отвернулась от религии и перестала жить по ее канонам. С распадом Советского Союза идеология изменилась, и на первый план вышли религиозные ценности. Однако именно в этот период стали распространяться антиисламские взгляды, особенно радикальные. В данной статье исследуются истоки таких движений, их основные направления, цели и религиозная ситуация в регионе.*

***Ключевые слова:*** *Ислам, радикальные движения, ваххабизм, исламское возрождение, регион, сунна, культура, религия.*

*This article examines some aspects of the activities of radical Islam in Central Asia. The author analyzes in detail the origins and activities of radical movements, and also covers the process of the revival of Islam in the region. In the post-Soviet period, a revival of Islam began in the republics of Central Asia, and local residents had the opportunity to return to Islamic values. The anti-religious policy of the Soviet government, which consisted of persecuting Islamic scholars, closing mosques and madrassas, obstructing people's religious beliefs, etc., caused great damage to Islam. As a result, most of the population, especially young people, turned away from religion and stopped living according to its canons. With the collapse of the Soviet Union, ideology changed, and religious values came to the fore. However, it was during this period that anti-Islamic views began to spread, especially radical ones. This article examines the origins of such movements, their main directions, goals and the religious situation in the region.*

***Key words****: Islam, radical movements, Wahhabism, Islamic revival, region, Sunnah, culture, religion.*

СССРдин жоюлушу Борбордук Азия республикаларында ислам дининин жанданышын шарттаган. Саясий, экономикалык, социалдык жана идеологиялык каатчылык күчөп турган кырдаалда ислам баалуулуктарына кайтуу мезгилдин талабы болгон.

Тарыхый, тилдик, маданий, диний ж.б. бир топ жалпылыктарга ээ болгон Борбордук Азия кылым тогошоор алдында бир топ кыйынчылыктарга кабылган эле. Алардын катарында совет мезгилинде калыптанган аймактык көйгөйлөр, улуттар аралык карама-каршылыктар, батыштын таасиринин күчөшү жана башкалар. Мындай шартта мурунку баалуулуктарга, айрыкча исламга кайтуу аймактагы абалды турукташтырууга ыңгайлуу шарт түзгөн [1].

Азыркы мезгилде Борбордук Азиядагы туруктуулукка сырткы күчтөр чоң таасир тийгизип жатат. Мында батыш мамлекеттеринин ислам динин саясатташтырып, дүйнөлүк өнүгүүгө каршы коюп келгенин да баса белгилеп кетүү зарыл. Ошондуктан алар исламды эл аралык байланыштарда идеологиялык күч катары пайдаланышууда.

1990-жж. мусулман өлкөлөрүндө исламдын кайра жаралуу процессинде ислам дини маданият, тарых же болбосо исламий каада-салт катары эмес, саясий фактор катары жана саясий, экономикалык кризистерден чыгуунун жолу катары каралган. Мусулман мамлекеттериндеги социалдык теңсиздиктин күч алышы, экономикалык, илимий-техникалык жетишкендиктерден артта калуу ж.б. бир катар жагдайлар исламдын таасиринин өсүшүн шарттоодо.

1990-жж. баш ченинде Борбордук Азия республикаларында исламдын кайра жаралуу процесси Түркия жана араб мамлекеттеринин ишмердүүлүктөрү менен тыгыз байланышта болгон [4, 80-б.].

Белгилүү болгондой Кыргызстандын түштүгүндө исламдын таасири күчтүү болгон, ошондуктан көз карандысыздыктын алгачкы жылдарынан баштап эле так ушул аймакта ислам тез жанданып, мечит, медреселер курулуп, элдин жашоосунда ал белгилүү бир орунду ээлей баштайт.

Совет өкмөтү ислам динин кысымга алгандыгына карабай элден ишенимди толук түрдө алып кое алган эмес, калк арасында бул мезгилде жашыруун мүнөздө болсо да динди сактап калууга аракеттер жүргүзүлүп келинген.

1990-жж. диндин кайра жаралуу мезгилинде Борбордук Азияга радикалдуу мүнөздөгү исламдык кыймылдар өз ишмердүүлүктөрүн жүргүзө башташкан. Бул мезгилде бир катар ислам мамлекеттеринен окумуштуулар, дааватчылар, белгилүү уюмдар аймакта динди таркатуу боюнча бир топ жумуштарды алып барышкан. Албетте, алардын баары мыйзамдуу түрдө ишке ашкан. Бирок каралып жаткан мезгилде, айрыкча экономикалык кризис күч алып турган шартта бир катар радикалдык күчтөр да өз таасирин жайылтууга мүмкүндүк алышкан.

Аймактагы радикалдык кыймылдардын катарына "Хизб ут-Тахрир" уюму да кирет. Ал Өзбекстанда, кийинчерээк Кыргызстандын түштүгүндө таасирин күчөтө баштаган. Аталган уюм 1990-жж. түштүк аймакта саясий маанидеги үгүттөөлөрдү жүргүзүшүп, радикалдуу ислам адабияттарын таркатуу менен алектенишкен [131]. "Хизб ут-Тахрир аль-Ислами" (Ислам боштондук партиясы) өзүнүн максатына жетүү процессинде күч колдонууну четке каккандыгына карабай өтө радикалдуу уюмдардын катарына кирет. Анткени алар бүт мусулман мамлекеттеринде бийликти кулатып, бирдиктүү Халифатты түзүүгө аракеттенишет. Иш жүзүндө ал диний уюм болуп саналбайт, идеологиясы исламга негизделген саясий партия [11, 132-б.]. Алардын негизги максаты тарыхый Халифатты калыбына келтирүү, бүт мусулман жерлерин исламдын бийлигине баш ийдирүү, бир эле мезгилде Батыштын ислам дүйнөсүндөгү таасирин алсыратуу эсептелет.

"Хизб ут-Тахрир аль Ислами" уюму өзүнүн ишмердүүлүгүндө ачык мүнөздө зордук-зомбулукту уюштуруп, күч колдонуу ыкмаларынан четте турат. Алардын негизги эле максаты келечекке мерчемделген ислам мамлекетин куруу эсептелинет, бирок алгач калктын арасында үгүт иштерин колго алууну негизги орунга коюшкан.

Албетте, ислам өлкөлөрүндө батыштын, айрыкча анын маданиятынын таасиринин күчөшү, саясий күчтөрдүн батыш мамлекеттеринин позицияларын колдоосу өз кезегинде ушуга окшогон радикалдуу кыймылдардын пайда болушун шарттаган. Бул уюмдун ордосу Лондондо жайгашкандыгына байланыштуу изилдөөчүлөрдүн арасында бир катар карама-каршылыктуу пикирлер пайда болгон. Кээ бир окумуштуулар аны батыштын исламды жабынган жасалма радикалдуу уюм катары карашат. Чындыгында эле неоколониалдык мезгилде батыш өлкөлөрү чыгышта өз таасирин кармап туруу үчүн жаңы тактика иштеп чыгып, өздөрү бүлгүнчүл күчтөрдү түзүп, аймактагы элодерди бири бирине тукурдуруп жатышат. Албетте мындай жүйөлүү, бирок ынанымдуу гипотезалар өз кезегинде бир катар далилдерди талап кылат.

Белгилүү болгондой "Хизб ут-Тахрир аль Ислами" уюму 1999-2000-жж. Ооганстандан жикчил күчтөрдүн Баткенге басып кирүү учурунда аймакта өздөрүнүн баракчаларын, китептерин жана аудио, видеокассеталарын таркатышкандыгы белгилүү [3, 69-б.].

Бул диний уюм негизинен өздөрүнүн катарын жумушсуздар, мигранттар менен толуктай башташкан. Так ушул социалдык көйгөйлөр калктын белгилүү бир бөлүгүнүн радикалдуу идеяларды кабылдоосуна түрткү берген. Өзбекстандагы бийликтин исламды куугунтукка алуу саясаты аталган уюмдун ишмердүүлүгүн коңшу мамлекеттерде жүргүзүшүнө себеп болгон. Республиканын диний башкармалыгы бул уюм ислам динине каршы иштеп жаткан мамлекеттер тарабынан түзүлүп, ислам дүйнөсүндө бүлгүнчүлүк жүргүзүү максатын көздөй тургандыгын айтышат. Ал эми уюм тарабынан таркатылган адабияттар мусулмандар үчүн зыян катары бааланып, аларды пайдаланууга негиз жок экендиги белгиленет.

Республиканын диний башкармалыгынын алдындагы даават жана үгүт бөлүмү так ушул исламга жат көрүнүштөргө, айрыкча диний экстремизм идеяларынын таркатылышына каршы иш алып бара баштаган. Өз кезегинде аталган бөлүм республикада даават иштерин алып баруу менен катар эл арасында радикалдуу кыймылдардын зыяндары, исламга тиешеси жок идеялар жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн.

Изилдөөчүнүн пикиринде "Хизб ут-Тахрир аль Ислами" уюмун радикалдуу кыймылдар менен шайкеш кароо маселенин түпкү тамырын түшүнбөстүк болуп эсептелет. Анткени алар өз ишмердүүлүгүндө зордук-зомбулукка басым жасашпайт.

1990-жж. аягына чейин Борбордук Азияда (Тажикстандагы жарандык согушту эске албаганда) жалпысынан абал туруктуу мүнөздө болгон. Башкача айтканда, исламдык негизде конфликтүү окуялар катталган эмес. Бирок аймактагы абал 1999-ж. тартып курчуй баштаган. Алсак Ташкент, Ош, Бишкектеги террористтик актылар, Баткенге жикчил күчтөрдүн кол салуусу аймактагы саясий кырдаалды кескин түрдө өзгөрткөн [4, 272-б.]. Эгерде Ташкенттеги бул окуя-

ларга чейин Борбордук Азия республикаларынын аймактары атайын каттамдар үчүн ачык болсо, эми расмий Өзбекстан жабык эшик саясатын жүргүзүп, коңшу өлкөлөр менен социалдык-экономикалык байланыштарды татаалданткан. Анын кесепетинен улам совет мезгилинде түзүлгөн коммуникациялык байланыштардын үзүлүшү, өз ара мамилелердин солкундашы, элдердин карым-катнаштары татаалдаган.

Бул учурда Кыргызстандын түндүк аймактарынан да мусулмандарды каапырларга каршы ыйык согушка үгүттөгөн аудио жана видео кассеталар таркатылган фактылар катталган. 1999-ж. Ново-Покровка айылында ислам эсктремисттери менен байланышта шектелген адамдардын үйүнөн курал жарактар, экстремисттик маанайдагы китептер, ири өлчөмдөгү акча, аудио жана видео кассеталар табылган. Ал эми 2001-ж. бийликке каршы үгүттөгөн 2 миңден ашуун баракчалар тартып алынган.

Негизинен жаштардан турган чакан, бирок олуттуу топ үчүн Хизб ут-Тахрир алардын жеке жашоосунда, коомдо же мамлекеттик системада өзгөрүүлөрдү жасай албагандыгы жөнүндө жөнөкөй түшүндүрмө берет. Ал жаштарга кандайдыр бир маанини көрүүгө мүмкүнчүлүк берет жана аларга түшүнүксүз жана татаал социалдык өзгөрүүлөр доорунда сымбаттуу ишеним берет. Ал мезгил-мезгили менен өтө жакырчылык жана социалдык кыйроо болгон өлкөлөрдө материалдык жана социалдык колдоо көрсөтөт.

"Хизб ут-Тахрир" уюмуна адамдардын катышуусунун себебин бир нече факторлор боюнча кароого болот. Биринчи кезекте – бул диний сабатсыздык. Мындан тышкары, саясий жана экономикалык факторлор бар. Оор мезгилде жамгырдан кийин козу карындар сыяктуу уюмдар көбөйөт. Жагдайдан пайдаланууга аракет кылышат. Кыргызстанда бул уюмдун мүчөлөрү бар. Алар өз иштерин жашыруун жүргүзүшөт. Бул уюмдун идеологиясы мамлекеттик башкарууга кийлигишүү болуп саналат.

Хизб ут-Тахрир зордук-зомбулукту саясий күрөштүн бир түрү катары четке кагат деп ырастайт жана анын көпчүлүк иш-аракеттери тынч. Теория боюнча, топ бейкүнөө адамдарды өлтүрүү Ислам мыйзамына каршы келет деп ишенип, терроризмди четке кагат. Бирок, мындай сөздөрдүн астында партиялык адабиятта зордук-зомбулуктун идеологиялык негиздемеси камтылган жана партия Жакынкы Чыгыштагы бир катар ийгиликсиз төңкөрүш аракеттерине катышкандыгын тааныйт. Ошондой эле ал зордук-зомбулукка анча маани бербеген топтор менен байланышта. Бирок өкмөттөрдүн билдирүүлөрүнө карабастан, партиянын Борбордук Азияда же башка жерлерде террористтик ишке катышкандыгынын далилдери жок.

2006-ж. 12-майда Түркстан ислам партиясынын террордук топтору "Ляккан" тажик чек арасындагы күзөтүү түйүнүнө кол салышып ок-дары, курал жарактарды тартып алышкан жана "Ак-Турпак" бажы бекети аркылуу Баткенге өтүшкөн. Чек ара күчтөрү менен кагылышуу учурунда алардын бир тобу жана жетекчилери кармалган.

Кыргызстанда башка мамлекеттерге окшоп диний радикалдуулук жана экстремизм жок, анын негизги себеби катары салттуу суннит доктринасынын үстөмдүк кылышы, андан сырткары мусулмандардын саясатка тартылбоосун атаса болот [4, 84-б.].

Постсоветтик мезгилде республикада ваххабиттик идеялар да таркай баштаган. Мында мазарларга зыярат кылуу, баят кылып устаз кармоо, жаназаларда ашыкча чыгымдарга жол бербөө ж.б. негизги орунда турат. Белгилүү болгондой ваххабиттер өздөрүн таза исламдын колдоочулары катары эсептешип, каада-салттардын шарият менен журулушуп кетүүсү менен күрөшүп келишет. Алар тоо-таштарга сыйынуу, астрология, бакшылык, диний эмес майрамдарды белгилөө, тойлорду, кадаларды өткөрүү, мазарларда эстеликтерди орнотуу ж.б. каршы турушат.

Изилдөөчүлөрдүн баамында азыркы учурда ваххабизмдин Низамия, Ахмадия, Ашрафия аттуу үч агымы бар. Алар өздөрүнүн ишмердүүлүктөрүн негизинен китептерди, усул колдонмолорду таркатуу аркылуу ишке ашырышып, диний окуу жайларда өз идеологиясын жайылтууга аракеттенишет.

Борбордук Азияда исламдык радикалдык идеологиялардын жайылтылышына элдердин социалдык абалынын төмөндөшү, саясий-экономикалык кризистер, миграциянын күчөшү ж.б. факторлор олуттуу таасир тийгизген.

Ваххабилер – Арабиядагы диний-саясий кыймылдын колдоочулары болуп саналышат. Вахабилердин идеологиясы башка ислам дининин агымдарына караганда кескин айырмаланып турат. Алардын көз карашында Куранда жазылбаган жана Пайгамбардын суннөтүнө кирбеген нерселер бидат (динди бузуу) болуп эсептелет. Алардын пикиринде Курандын тафсирлери жана Ислам аалымдарынын чыгарган фатвалары туура эмес. Алардын идеологиясында адамдар көрүстөн, күмбөздөргө барып сыйынып, Алланы унутуп калышууда, ошондуктан аларды жок кылуу керек [6, 164-б.]. Алар исламга жаңы кирген жөрөлгөлөргө каршы күрөшкөн жана андагы бир катар теориялык проблемаларды өздөрүнүн позициясында чечмелөөгө аракеттенишкен. Ошондуктан алардын идеясын ислам мамлекеттеринин көпчүлүк аалымдар да таанышпайт жана каршы турушат. Ваххабилердин ишмердүүлүгүнүн негизин Ибн Таймиянын окуусу түзгөн [3, 83-б.].

Борбордук Азияда ваххабиттик агымдар көз карандысыздыктын алгачкы жылдарында өзүнүн тамырын жая баштаган. Белгилүү болгондой вахабиттик идеология исламдын баштапкы мезгилиндеги баалуулуктарга кайтуу идеясын туу тутат. Ошондуктан алар-

дын жактоочулары да исламдагы терс көрүнүштөргө каршы күрөшүп келишет [9]. Алар Борбордук Азияда жайгашкан кээ бир мазарлардагы ири эстеликтерди талкалашып, элдердин тигил же бул олуялардын күмбөздөрүнө зыярат кылуусуна каршы турушкан [8, 47-б.].

1990-жж. Сауд Арабиясынан бир катар ваххабиттик идеологияны колдогон даваатчылар Кыргызстанга келип өздөрүнүн үгүт иштерин жүргүзүшкөн.

Ваххабизм идеясынын жана анын өкүлдөрүнүн ишмердүүлүктөрүнүн жергиликтүү шарттарга ыкташуу процесси бир катар кыйынчылыктарга дуушар болууда. Алардын катарында Борбордук Азияда кеңири тараплып, өз ишмердүүлүгүн жигердүү жүргүзүп жаткан суфийлик, Таблиг жамаат өкүлдөрүнүн каршылык көргөзүүсү эсептелинет [5, 88-б.]. Ваххабилер таухид принцибин так сактоону талап кылып, диндеги жаңылыктардан баш тартуу жана мазхабдарды кармануунун сынга алышкан [5, 88-б.].

Жалпысынан алганда, ваххабиттерди исламдагы деструктивдүү күч катары кароого болот. Анткени алар диндеги толеранттуулук принциптерине, исламдагы бир топ баалуулуктарга каршы чыгышып, радикалдуу мүнөздөгү идеяларды коомго таңуулашат. Мунун өзү Борбордук Азиядагы илгерттен бери тутунуп келинген ислам дининин жол жобосуна карама-каршы келет. Ошондуктан алардын идеялык негиздери, баалуулуктары азыркы шартта Сауд Арабиясында гана расмий идеология катары таанылып, калган мусулман мамлекеттеринде четке кагылган. Мунун өзү аталган исламдык багыттын туура эмес экендиги, анын ишмердүүлүгү, максаты чыныгы исламдык баалуулуктарга каршы келе тургандыгын айгинелеп турат.

Жогоруда айтылгандардан улам төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот: постсоветтик мезгилде Борбордук Азияда ислам өнүп-өсүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду; бул учурда аймактын бир катар республикаларында бир катар мечит-медреселер ачылып, исламий багыттагы адистер калыптанып, диний мекемелер түзүлгөн. Каралып жаткан мезгилде аймактагы республикаларда, айрыкча Кыргызстанда жетишерлик түрдө диний адистердин даярдалуусу, элдин саясаттан четте болуусу жана диний агартуучулук иштердин жемиштүү болуусу – исдламдык радикалдык идеялардын кенен тамыр алып, жайылтылышына бөгөт койгон.

**Адабияттар:**

1. Абдырахманов Т.А., Амердинова М.М. Исламский мир: прошлое и настоящее. - Бишкек, 2015.
2. Абдырахманов Т.А., Идрисов М. Кыргызстандагы исламдык кайра жаралуу: өнүгүүсү, өзгөчөлүктөрү, өксүктөрү. - Бишкек, 2015.
3. Али-заде А. Исламский энциклопедический словарь. - М., 2007.
4. Волков И.В. Основные проблемы геополитического положения Центральной Азии в эпоху глобализации (на примере Кыргызстана). - Бишкек, 2007.
5. Маликов Кадыр. Ислам дини боюнча кыскача окуу куралы. - Бишкек, 2013.
6. Мурзараимов Бакыт. Диндер тарыхы. Диндер тарыхы. - Бишкек, 2014.
7. Молдалиев О.А. Ислам и политика: политизация Ислама или исламизация политики...? - Бишкек, 2008.
8. Молдалиев О.А. Странная война в долине яда. Баткен, 1999 // Центральная Азия и Кавказ. №1(7). - 2000.
9. Ротарь И. Возможен ли реванш исламистов или радикальные исламские организации в Центральной Азии растут как грибы. / www.ИАФергана.ру.
10. Саид Сабик. Исламское мировоззрение. - Бишкек, 2002.
11. Ушаков В.Н. Политический ислам в Центральной Азии. - Бишкек, 2005.
12. Айдаралиев А.А. Исламский фактор восстания 1916 года. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2016. №. 3. С. 72-73
13. Алимова К.Т. Мусульманские традиции и праздники в кыргызском народе. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2016. №. 3. С. 74-76.